**Диссертациялык кеңештин экспертинин корутундусу**

Ош мамлекеттик университетинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.13.23.68 диссертациялык кеңешине караштуу эксперт Акматкулов Асылбек Акматкуловичтин изденүүчү Ажибекова Айзада Токтогуловнанын диссертациясы боюнча «**МАТЕМАТИКА КУРСУ БОЮНЧА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСТЕРДИ ТҮЗҮҮНҮН ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУНУН МЕТОДИКАСЫ» (9-класстын алгебрасынын мисалында)** темасына педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча Ажибекова Айзада Токтогуловна тарабынан берилген диссертацияны карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистигинин паспортуна, адистиктин паспортунун пункттарын көрсөтүү менен толук жооп берүүчү:математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнү илимий негизде өркүндөтүү жана аны 9- класстын математиканы окутуу процессинде кодонуунун жолго коюу проблемасы аныкталып ал ар тараптуу изилдөөгө алынган.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык

Уч секретары ДС. Д.13.23.681

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№50 «26» 03 2024 ж/г

кеңештин профилине туура келет.

**Иштин максаты катары** 9-класстын алгебрасынын мисалында төмөнкү милдеттерди чечүү менен математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнү өнүктүрүү жана аны окуу процессинде колдонууга сунуштоо болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Проблема боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүү менен окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана колдонуунун териялык жана практикалык маанисин аныктоо;

2 Алгебра сабагы боюнча 9-класста дифференцирлеп окутууга жана практикалык-прикладдык мазмундагы маселелерге багытталган окуу-методикалык комплексти иштеп чыгуу;

3. Мектептеги математика курсун окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен аларды колдонуунун жолдорун аныктоо;

4. Иштелип чыккан окуу-методикалык комплексти окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды көрсөтүү.

Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүктөрү диссертант тарабынан жетиштүү даярдыкта болгон. Алып айтсак педагогикалык эксперименттер 2016-жылдан 2023-жылга чейин бир нече окуу жылында өткөрүлдү. Педагогикалык экспериментти уюштуруу үчүн үч этап (абалды аныктоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу эксперименттер) тандалып алынып, өз ичине төмөнкү негизги маселелерди чечүү максаттары коюлган: аныктоочу этабында (2016-2017-жж.), педагогикалык экспериментти түзүүчү уюштуруу жана процессуалдык моменттер конкреттештирилген. Бул этапта: педагогикалык эксперименттин максаты, мазмуну жана методдору такталган; изилденип

жаткан маселе боюнча теориялык жоболорду талдоо жана жалпылоо жүргүзүлгөн; 9- класстын алгебра курсу боюнча окуу процессин методикалык жактан камсыз кылуу маселелеринин иштелип чыгуу абалы көрсөтүлгөн; окуучулардын математикалык даярдыктарынын деңгээлдери талданып аныкталган.

Эксперименталдык иштерди жүргүзүү үчүн негизги билим берүүчү мектептердин 9-класстарынын математикалык билим сапаттарын текшерүү үчүн текшерилүүчү жана эксперименталдык класстар тандалып алынды. Булар Ош жана Жалалабад областарынын диссертацияда көрсөтүлгөн мектептеринен тандалып алынып окуучулардын зарыл болгон жалпы саны эксперименттик текшерип алууларга жооп берет деп эсептейбиз.

Диссертациянын изилдөө объектиси орто мектепте окуучуларга математикалык даярдык берүү процесси болгондуктан диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет.

Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине ар бир милдети боюнча ылайык келиши диссертант тарабынан түзүлгөн окуу-методикалык комлекстин жардамы менен шартталган. Түзүлгөн комплекс мугалимдин предмет боюнча теориялык билиминин, методикалык чеберчилигинин жана предметтин мазмунунун негизинде окуу иштердин жүргүзүү деңгээлин жогорулатууга багыт берип, окуучулардын математикалык даярдыктарынын сапатын алгылыктуу деңгээлге жогорулатууга өбөлгө түзөт. Себеби, ОМКнын курамы окуу-методикалык жана ченемдик документтерден, окутуу жана контролдоо каражаттарынан, ошондой эле башка толук кандуу окутуу үчүн зарыл болгон билим берүү ресурстарынан туруп, мугалимдер үчүн 9-класстын математика курсун окутуудагы материалдарды пайдаланууга ыңгайлуулукту жаратат.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө диссертант 20 га жакын белгилүү педагог – окумуштуулардын эмгектерин иликтеп чыккадыгын көрүүгө болот. Алардын арсында Абдиев

А., Абылкасымова А.Е., Бекбоев И.Б., Иманалиев М. жана башкалар бар. Ал эми ушул изилдөөлөргө жакын болгон эмгектердин авторлору Афанасьев В.Г., Бабанский Ю.К.,Бондарь С,Ф., Гузик Н.П., ДоблаевЛ.А., Есипов Б.П.. Занков Л.В., Казанский Н.Г., Коротяев Б.И., Краевский В.В., Паламарчук В.Ф., Фридман Л.М. сыяктуу окумуштуулардын эмгектери эске алынбай калган.

Эгерде ушул авторлордун эмгектериндеги методикалык, дидактикалык жана психолого-педагогикалык жоболордун айрым аспектилерин жетекчилике алганда аталган жумуштун актуалдуулугу бир топ жогору, өз убагында жана мектеп мугалимдерине болмок деп корутундулоого болот.

## 1. Илимий натыйжалар

Иште педагогика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

1.1. Алынган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында изилдөөнүн проблемасы боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана колдонунун теориялык жана практикалык мааниси аныкталып берилгендигинде;

1.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөөдө изилддөөчүнүн өздүк педагогдук тажрыйбасы, көптөгөн тестик, оозеки текшерүүчү материалдардын жыйындысы, сурамжылоо ыкмалары, жумуштун жыйынтыктары бир нече эл аралык жана ата мекендик конференцияларда жана семинарларда баяндалып, талкууланган: педагогикалык экспериментти жүргүзүү менен математика курсун ОМКнын негизинде окутууда окуучулардын билим сапатын жакшыртууга шарт түзүлгөн; теориялык изилдөө жана окуу китебинин мазмунунун, структурасынын жана функцияларынын анализи окуу-методикалык комплексинин

мазмунун системалуу иштеп чыгууга, комплекстин курамын түзүүгө жана негизги талаптарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берген.

1.3. Иштин теориялык мааниси окутууну окутулуучу материалдарды дифферецирлеп ар кандай деңгээлдерде окуучулардын алдына коюуу ыкмалары оптималдык методдорду байытууга салым кошот.

1.4. Кабыл алынган тема боюнча изилдөө формасы маани-маңызы, элементтери, изилдөө методдору жана масштабдуулук жактары боюнча квалификациялык белгилерге туура келет.

Алынган натыйжалар илимдин педагогика тармагы үчүн практикалык мааниге ээ.

Кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкүлөрдө ишке ашырылды: диссертациянын материалдары 1 окуу куралында, 2 окуу-методикалык колдонмолордо, 13 илимий макалаларда, анын ичинен 3 макала РИНЦ системасына кирген журналдарда, ал эми 10 макала КР УАКтын тизмесиндеги илимий журналдарда жарык көргөн; окучулар үчүн маселе мисал иштөө иштелмелеринде колдонулуп жатат.

## 1. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши

Автореферат менен диссертациянын мазмундары, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келишет.

1. **Эскертүүлөр:** Диссертациялык изилдөөдө изилдөөнүн предмети, объектиси ачык көрсөтүлүшү керек.Алар тема менен байланыштуу болуу менен негизги компонент катары көрсөтүлүшү керек. Окуу-методикалык комплекстин материалдарын колдонуу методикасы кайсы белгилер жана критерийлер менен белгиленген ал кайдан келип чыкты, булар диссертациянын тестеринде кездешпейт, демек, илимий негиздөөлөр тактоочу эрежелер керек.
2. **Сунуштар**: Окуу-методикалык комплексти түзүүдө 9 класстын алгебра сабагы каандай түрдөгү же маанидеги маселелерди иштөө үчүн

мүмкүндүк бере алат? Айталы физикалык химиялык финансалык өндүрүштүк же экологиялык ж.б.? Аларга классификация берүүнү киргизүү керек. Ал мектеп математикасынын кубаттуулугун далилдеп бермек, бул да изилдөөнүн жаңылыгын далилдемек.

3. **Сунуштамалар:** Текстерге китептерден жана башка басмаларда басылган маалыматтарды стандарттар системасы боюнча кирггизүү керек. Жалпы талаптар жана каттоо эрежелерин так сакталышына сунуштама беребиз. Таблица, схемалар, эксперименттик бөлүктөгү статистикалык эсептөөлөр жана гистограммалар атайын стандарттык эрежелерге карата жайгаштырылышы керек.

**Корутунду:**

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ош мамлекеттик университетинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.13.23.68 диссертациялык кеңешине 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «**“МАТЕМАТИКА КУРСУ БОЮНЧА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСТЕРДИ ТҮЗҮҮНҮН ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУНУН МЕТОДИКАСЫ»** (9-класста Алгебраны окутуунун мисалында) деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперт Акматкулов А.А. 20.03.2024

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар башкармалыгынын башчысы
Мусаева А.К.